**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Баткен мамлекеттик университети**

# БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Баткен – 2019-ж.**

**БатМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган,**
**№ 1 протокол.**
**«20» 11 2019-ж.**

**«БЕКИТЕМИН»**
**БатМУнун ректору,**
**техн.и.д., профессор**
**__________ Зулпуев А.М.**
**«___» ______________ 2019-ж.**

**Баткен мамлекеттик университетиндеги баалоо каражаттарынын фонду жөнүндө**

**ЖОБОСУ**

*Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ)* деп окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын жетишкендиктерин жана компетенциялардын калыптанышынын деңгээлин аныктоо үчүн дайындалган методикалык жана текшерүүчү-өлчөөчү материалдардын комплексин айтабыз.

*Баалоо каражаттарын* билим, билгичтик жана көндүмдөр түрүндө туюндурулган дисциплинаны окутуунун натыйжаларынын (ОН) жана берилген компетенциялардын негизинде иштеп чыгуу зарыл.

Баалоо каражаттарынын фондуна дисциплинаны окутуу натыйжаларын баалоонун жол-жоболору жана каражаттары, ошондой эле студенттер үчүн күтүлүүчү натыйжаларга жеткенин же жетпегенин тастыктоого мүмкүндүк берүүчү жекече баалоо каражаттары да кирет.

Баалоо каражаттарынын фондунда төмөнкүлөр камтылат:

- учурдагы текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери;
- аралык текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери;
- жыйынтык текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери;
- СӨАИни текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери.

Эгер докладдар, рефераттар, тегерек столдор, диспуттар, текшерүү иштери, тестирлөө ж.б. баалоо каражаттары катары каралса, анда алардын темалары, суроолору, текшерүү иштеринин, тесттердин варианттары ж.б., ошондой эле билим берүү программасына толук дал келген, берилген ырааттуулуктагы окуу программасынын ар бир темасы боюнча текшерүүчү суроолор камтылышы керек. Баалоо каражаттары *дисциплинанын бардык темалары (бөлүмдөрү) үчүн* түзүлүшү керек.

Баалоо каражаттарынын фондунун **максаттары, милдеттери жана коюлуучу талаптар:**

1) Баалоо каражаттарынын фондун түзүүнүн **негизги максаты** болуп студенттерди даярдоонун сапатын баалоо үчүн материалдарды түзүү жана ишмердүүлүктүн төмөнкү деңгээлдерин аныктоо болуп эсептелет:
   - *дисциплинаны өздөштүрүү деңгээли;*
   - *калыптанган компетенциялардын деңгээли.*
2) Баалоо каражаттары фондунун **милдеттери:**
   - *Студенттердин окуу ишмердүүлүгүн баалоо.*
3) Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) төмөнкү **талаптарга** жооп бериши керек:
   - **тууралыгы** (валидность) – окутуунун максаттарына дал келүүсү;
   - **корректтүүлүгү -** тактыкты чагылдыруусу;
   - **объективдүүлүгү** – бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болуусу;
   - **вариативдүүлүк** - параллель варианттардын санынын жетиштүү болушу;
   - **актуалдуулугу** – окутуунун этаптарына жана деңгээлине туура келүүсү;
   - текшерүү ишинин баалоо критерийлеринин **так жазылышы;**
   - **комплекстик баалоо** – ар тараптуу баалоо;
   - **критерийлердин негизинде** баалоо;
   - **программалык каражаттарды** колдонуу мүмкүнчүлүгү;
   - кесиптик коом тарабынан берилген **сын-пикирдин** болушу.
4) Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) төмөнкүдөй **касиеттерге** ээ болушу керек:
   - **предметке багытталуусу** (предметти үйрөнүүгө тиешелештиги);
   - **мазмунунун системалуулугу** (теория менен практиканын айкалышы);
   - Баалоо каражаттарынын **санынын жетиштүүлүгү;**

- Баалоо каражаттарынын **сапатынын жогору** болушу.

5) Баалоо каражаттары фондунун **структурасы:**

Баалоо каражаттарынын структурасы төмөнкүлөрдөн турат:

- *Титулдук барак;*
- *Дисциплинаны (модулдун материалдарды) окуп-үйрөнүүдөн калыптануучу компетенциялардын тизмеги;*
- *Дисциплина боюнча өз алдынча окуп-үйрөнүүнү камсыздоочу окуу-методикалык материалдардын тизмеги;*
- *Текшерүү иштерин жана билимдерди, көндүмдөрдү, ык-машыгууларды жана компетенцияларды калыптандыруунун деңгээлин баалоочу материалдар;*
- *Баалоо шкаласынын баяны;*
- *Компетенциялардын критерийлерин баалоонун шкалалары;*
- *Баалоонун процедураларын аныктоочу методикалык материалдар;*
- *Рецензенттердин эксперттик бүтүмү;*
- *Өзгөртүүлөр жана кошумчалар киргизилген барактар.*

6) Баалоо каражаттарынын болжолдуу **тизмеги:**

1. *Тест;*
2. *Текшерүү иши;*
3. *Коллоквиум;*
4. *Деңгээлдик тапшырмалар;*
5. *Эсептик-графикалык иштер;*
6. *Сурамжылоо-аңгемелешүү;*
7. *Реферат;*
8. *Доклад;*
9. *Билдирүү;*
10. *Иш жана ролдук оюндар;*
11. *Кейс-маселелер;*

12. *Дискуссия;*
13. *Дебат;*
14. *Проект;*
15. *Чыгармачылык тапшырмалар;*
16. *Эссе;*
17. *Жумушчу дептер;*
18. *Тренажер.*

## Үлгү: Рефератты баалоо критерийлери

Рефератты баалоо критерийлерин түзүүдө рефератка коюлуучу талаптарды колдонобуз. Реферат менен байланышкан студенттин ишмердүүлүгүн 6 бөлүмгө бөлүп алабыз. Ар бир бөлүмдү 5 критерий менен 1 баллдан баалайбыз. Натыйжада **максималдык балл 30 балл** болот.

**1. Теманын актуалдуулугу, маселенин коюлушу, иш-план.**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1) | Теманын актуалдуулугунун негизделиши | | 4) | Алынган жыйынтыктын жаңылыгы | |
| 2) | Тема боюнча мурда аткарылган иштердин анализи | | 5) | Иш пландын рефераттын темасына туура келиши | |
| 3) | Маселенин коюлушу | | | *1-бөлүм боюнча балл:* | *5* |

**2. Изилдөөнүн максаттары, методдору жана маселелери**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1) | Изилдөө максатынын коюлушу | | 4) | Маселелерди чечүүдө кандай татаал жагдайлар каралган? | |
| 2) | Изилдөө үчүн кандай маселелер коюлган? | | 5) | Кандай инструменттер (Прикл. программ. пакети) колдонулган? | |
| 3) | Изилдөө үчүн методдордун тандалышы | | | *2-бөлүм боюнча балл:* | *5* |

**3. Мазмуну, структурасы, тиркемелер**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1) | Ишти баяндоонун сапаты жана сабаттуулугу (орфографиялык, | | 4) | Материалды баяндоонун удаалаштыгы | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | пунктуациялык, стилистикалык) | | | | |
| 2) | Теманын мазмуну менен дал келиши | | 5) | Корутунду (теорема, лемма, натыйжа) | |
| 3) | Тиркемелер (таблицалар, диаграммалар, графиктер, сүрөттөр, схемалар | | | *3-бөлүм боюнча балл:* | *5* |

**4. Алынган жыйынтыктар жана алардын колдонулушу**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1) | Алынган жыйынтыктардын тизмеги | | 4) | Жыйынтыктарды жалпылоо деңгээли | |
| 2) | Жыйынтыкты мүнөздөөчү мисалдын болушу | | 5) | Жыйынтыктардын практикада колдонулушу | |
| 3) | Алынган жыйынтыктардын далили | | | *4-бөлүм боюнча балл:* | *5* |

**5. Дизайн, көлөм, адабият**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1) | Иштин жасалгаланган деңгээлине (дизайн) берилген баа | | 4) | Акыркы 5 жылдагы адабияттар каралганбы? | |
| 2) | Текстте адабияттарга жасалган шилтемелердин болушу | | 5) | Иштин көлөмүнө коюлган талаптардын аткарылышы | |
| 3) | Адабияттардын ГОСТ боюнча жазылышы | | | *5-бөлүм боюнча балл:* | *5* |

**6. Рефератты коргоо**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1) | Ишти баяндоо деңгээли, сүйлөө речи, компетенттүүлүгү | | 4) | Тема боюнча билиминин толуктугу жана тереңдиги | |
| 2) | Презентация, проектор, көргөзмө куралдардын болушу | | 5) | Кошумча суроолорго туура жооптордун берилиши | |
| 3) | Иште алынган өзүнүн жыйынтыгын баяндай билиши | | | *6-бөлүм боюнча балл:* | *5* |
| | | | | **Жалпы балл:** | **30** |

## Студенттердин билимдерин баалоо критерийи

Студенттердин билимин баалоо критерийлери **модулдук-рейтингдик система** менен бааланат жана ал **үч этапка:** 1-модуль (***М1***), 2-модуль (***М2***), жыйынтык көзөмөл (***ЖК***) бөлүнөт.

Студенттин бардык окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн жыйынтыктары рейтингдик баллдар аркылуу бааланат. Максималдык балл **- 100 балл** болот, ал эми чегерме (зачет) же канааттандырарлык баа алуу үчүн 50 дөн кем эмес балл топтолушу керек. Модулдарда баалоонун максималдык баллы **50 баллга** барабар. Жыйынтыктоочу рейтингдик текшерүүдө да максималдык баллы **50 баллга** барабар, жалпы балл **100 балды** түзөт, эгерде студент жыйынтык баага канааттанбаса, анда ага жыйынтыктоочу текшерүүдө билимди текшерүүгө кошумча **20 балл** берилет.

Модулдарда **босого (пороговый) балл 25 баллга** барабар деп эсептелет. ***Эгерде студенттин топтогон баллы 25 баллдан төмөн болсо, анда ал модулду кайра тапшыруусу зарыл.***

“Модуль” - латын тилинин modulus деген сөзүнөн алынып, «чен» («мера») дегенди билдирет. Жалпысынан ал чен өлчөмүнүн бирдигин, чоңдугун же коэффициентин аныктайт.

Билим берүү системасында **модуль деп - окуу дисциплинасынын мазмунунун логикалык аякталган бир бөлүгүн түшүнөбүз**.

Баткен мамлекеттик университетинде окуу процессин уюштуруу жана көзөмөлдөө модулдук-рейтингдик системасынын алкагында ишке ашырылат.

ЖОЖдо колдонулуучу рейтинг системасы ар бир дисциплинаны окуп үйрөнүүдө убакыт боюнча мазмундуу этаптарга бөлүүгө, ар бир этап бүтөрү менен окуу ишинин бардык негизги түрлөрүн көзөмөлдөө жана көзөмөлдөөнүн жыйынтыгын кеңири көрсөтүү болот.

Дисциплинанын модулдук түзүлүшү модулдардын туруктуу вариантын бөлүп көрсөтүүнү түшүндүрөт. Туруктуу дисциплиналык модулдарга төмөнкүлөр кирет:

**Киришүү текшерүү** – жаңы дисциплинаны окуп–үйрөнүүдө зарыл болгон мурда окутулган аралаш дисциплиналардын өздөштүрүлүшүнөн калган билимдер.

**Учурдагы рейтинг–көзөмөл (УРК)** – окуу программасына кирген, сөзсүз түрдө аткарылууга тийиш болгон бардык дисциплиналардын аудиториялык же студенттердин өз алдынча иштеринин (бардык түрдөгү

практикаларды өтөө, курстук, дипломдук иштерди жазуу) окуу мезгилиндеги баллга айландырылган жыйынтык баасы.

**Арадагы рейтинг–көзөмөл (АРК)** – ар бир дисциплиналык модулду өздөштүрүүдө студенттердин алган билимдерин, билгичтиктерин контролдук–тесттик (текшерүүчү) тапшырмаларды (тестирлөө, текшерүү иш, бардык түрдөгү практикаларды жыйынтыктоо, курстук, дипломдук иштерди коргоо же коллоквиум) аткартуунун жардамында баалоонун жыйынтыгы.

**Модулдук–рейтинг (МР)** – студенттин модулду өздөштүрүүдөн алган билимдерин баалоонун жыйынтыгы, учурдагы жана арадагы көзөмөлдөөнүн жыйынтык суммасы (**МР = УРК + АРК).**

**Жыйынтыктоочу рейтинг–көзөмөл (ЖРК)** – бул дисциплиналык 2 модуль боюнча учурдагы жана арадагы көзөмөлдөөнүн жыйынтык суммасы (**ЖРК = МР1 + МР2).**

**Дисциплина боюнча жыйынтыктоочу рейтинг (ДЖР)** – жыйынтыктоочу рейтинг–көзөмөлдүн (ЖРК) жыйынтыгы менен аныкталып, студент тарабынан дисциплинанын 2 модулу тең окулуп өздөштүрүлгөндөн кийинки баллынын жана зачет–сынактык баллынын суммасы (**ДЖР = МР1 + МР2 + зарыл болсо ЖК (сынак/ зачет**)).

**Суммардык рейтинг (СР)** – анык бир окуу мезгилинде (семестр, курс, толук окуу процесси ичинде) студенттин комплекстик топтолуучу жетишүүсүн аныктоочу көрсөткүч. Суммардык рейтинг студенттердин билиминин өздөштүрүүсү боюнча анализин чыгаруу менен жогорку жана төмөнкү көрсөткүчкө ээ болгон студенттердин жетишүүсүнүн жыйынтыгын бөлүштүрүүгө (хит–парадын түзүүгө) мүмкүндүк берет.

### Семестр ичинде дисциплина боюнча модулдардын баллдарынын текшерүүнүн түрүнө карата бөлүнүшү

| **Текшерүүнүн түрлөрү** | | **Семестр ичиндеги модулдардын саны** | |
|---|---|---|---|
| | | **1 модуль** | **2 модуль** |
| Учурдагы рейтинг–көзөмөл (УРК) | min 20 | **10** | **10** |
| | **max 40** | **20** | **20** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Арадагы рейтинг–көзөмөл (АРК) | min 30 | **15** | **15** |
| | **max 60** | **30** | **30** |
| Модулдук–рейтинг (М.Р.) | min | **25** | **25** |
| | **max** | **50** | **50** |
| Жыйынтык рейтинг–көзөмөл (Ж.Р.К.) | min | **50** | |
| | **max** | **100** | |
| Жыйынтык көзөмөл (ЖК) (сынак/ зачетко берилүүчү кошумча балл) | **max** | **20 га чейин** | |
| Дисциплина боюнча жыйынтыктоочу рейтинг (Д.Ж.Р. ) | min | **50** | |
| | **max** | **100** | |

***Эскертүү:*** Сынак/ зачетко берилүүчү 20 га чейинки балл негизги баллдан (100 баллдык система) сырткары кошумча зачет, сынак үчүн берилет.

Дисциплинаны окуп-үйрөнүүдө студенттердин билимдерин учурдагы көзөмөлдөөнүн ар түрдүү ыкмалары каралышы мүмкүн:

- Оозеки суроо – материалды үйрөнүп бүткөн соң дисциплинанын бир же бир нече бөлүмдөрү боюнча суроолорго жооп берүү жана кырдаалдарды талкуулоо түрүндө өткөрүлгөн көзөмөл;
- Жазуу түрүндө суроо – коюлган суроолор, маселелерди чечүү, кырдаалдарды анализдөө, практикалык тапшырмаларды аткаруу иштери менен божомолдонгон көзөмөл;
- Айкалыштырылган суроо – билимдерди баалоодо бир же бир нече темалар боюнча оозеки жана жазуу формасын бир убакытта колдонуу менен байкаштырылган көзөмөл;
- Үй тапшырмасын коргоо жана презентациялоо – жекече жана группалык үй тапшырмалары боюнча билимдерин, алардын туура аткарылышын, өтүлгөн материалды жалпылай билүүсүн жана аны эл алдында көрсөтүүсүн, курстагы темалардын өз ара логикалык байланышын байкоосун текшерүү максатында жүргүзүлүүчү көзөмөл;
- Дискуссиялар, тренингдер, тегерек столдор, кейс-баскычтар ж.б. – өзүнүн ойлоо көндүмдөрүн демонстрациялоодо жана

чечимдерди чыгара билүүдө проблемалык мүнөздөгү суроолорду тайпа менен талкуулоо;

- Тесттер – көзөмөлдөөнүн дисциплиналардын айрым бөлүмдөрү боюнча коюлган суроолорго жазуу түрүндө туура жооп берүү формасы;
- Бүтүрүү квалификациялык иштердин, долбоорлордун, курстук иштердин аткарылышы – теориялык материалды сапаттуу өздөштүрүү максатында билим берүү программасынын типтүү жана жумушчу окуу программаларына ылайык алдын-ала караштырылат.

Арадагы жыйынтыктоочу аттестациялоонун баасы студенттердин билимдеринин учурдагы көзөмөлүн эсепке алуу менен (семинардык жана практикалык сабактардагы суроо) арадагы көзөмөл боюнча баалардан (коллоквиумдарды, текшерүү жана лабораториялык иштерди, тесттерди ж.б. тапшыруу), ошондой эле өздөштүрүлгөн теориялык материалдын бардыгы же айрым бөлүктөрү боюнча студенттерди кошумча суроодон түзүлөт.

Студенттердин билимдеринин учурдагы көзөмөлүн жана арадагы жыйынтыктоочу аттестациялоону өткөрүүнүн формасы кафедра тарабынан аныкталат.

Кредиттик технологияда тамга түрүндөгү символдорду колдонуу менен баалоонун көп баллдык системасы колдонулат, бул студенттердин билимдеринин деңгээлин аныктоодо окутуучуга ийкем мамиле кылууга шарт түзөт.

Кредиттик технология студенттердин билимин баалоо усулу менен айырмаланат. Жетишүүнүн жыйынтыгы боюнча максималдык көрсөткүчү 4,0 балл болгон GPA орточо баллы эсептелет.

**GPA** (Grade Point Average) – студенттин окуп жетишүүсүнүн деңгээлинин орточо баасы.

Студенттин орточо баллы ар бир семестр ичиндеги жана окутуунун аягындагы жыйынтыктары боюнча төмөндөгү формула менен эсептелет:

$$GPA = \frac{\sum_{1}^{n} кредит \times балл}{\sum_{1}^{n} кредиттер}$$

мында, $n$ – семестрдеги дисциплиналардын саны.

Студенттердин жетишүүсүнүн жыйынтыктары учурдагы көзөмөл жүргүзүүдөгү жана арадагы жыйынтыктоочу аттестациянын негизинде топтогон баллдарынын жыйынтыгын эске алуу менен ведомостко киргизилет.

| **%-тик мазмуну (баллдар)** | **Баллдардын цифралык эквиваленти** | **Тамгалык система боюнча баалоо (10 баллдык)** | **Салттык система боюнча баалоо (5 баллдык)** |
|---|---|---|---|
| 87 -100 | 4,0 | A | *Эң жакшы* |
| 80-86 | 3,33 | B | *Абдан жакшы* |
| 74-79 | 3 | C | *Жакшы* |
| 68-73 | 2,33 | D | *Канааттандыраарлык* |
| 61-67 | 2 | E | *«орточо»* – жыйынтыгы минималдык талаптарга жооп берет |
| 31-60 | 1,0 | FX | *«канааттандыраарлык эмес»* – зачет алуу үчүн минимумду тапшыруусу зарыл |
| 0-30 | 0 | F | *«канааттандыраарлык эмес»* – бардык өтүлгөн материалды кайра тапшыруусу зарыл |

*Эскертүү:* FX - студент дисциплина боюнча учурдагы көзөмөлдү академиялык карыздарды жоюу мезгилинде кайрадан тапшырууга укуктуу;

F – канааттандырааарлык эмес.

Көрсөтүлгөн тамгалык белгилерден тышкары төмөндөгү белгилөөлөр дагы колдонулат:

W - студент курстан айыбы жок кетти (GPAны эептөөдө колдонулбайт);

X - студент курстан окутуучу менен четтетилди (GPAны эептөөдө колдонулбайт);

I – бүткөн жок (GPAны эсептөөдө колдонулбайт);

P – “тапшырды/тапшырган жок” шарты менен кредитке тапшырды (GPAны эептөөдө колдонулбайт);

AU - аудит (GPAны эептөөдө колдонулбайт).

Баалоолордун түшүндүрмөсү:

- **I** - "аяктаган эмес": студент предметти себептүү аяктаган жок (ооруусу боюнча же үй-бүлөлүк шарты боюнча).
- **P** - "тапшырды": студентке кредиттик сааттарды гана алууга мүмкүндүк берет, бирок сапат боюнча кошумча балл ала албайт. "P" баасын тандоо курсу боюнча гана алууга мүмкүн.
- **F** - "тапшырган жок": "F" баасын алган студент эгерде бул курс милдеттүү түрдө окулуучу курс болуп эсептелсе, ал курсту кайрадан кайталоосу керек. Эгерде студент "F" баасын экинчи жолу алса, анда ал мамлекеттик үлгүдөгү дипломду ала албайт.
- **W** - "кабыл алынбайт": студент бул дисциплинаны үйрөнүүнү уланта албай тургандыгын тастыктайт. Эгер бул курс милдеттүү түрдө окулуучу курс болсо, анда деканат бул дисциплинаны качан кайталоо үчүн мөөнөт коюп берет.
- **X** - "четтетилди": студент курстан окутуучу тарабынан четтетилгендигин көрсөтүүчү баа. Эгерде студент «X» баасын экинчи жолу алган болсо, анда ал студентке автоматтык түрдө "F" баасы коюлат.
- **AU** - "аудит": эгерде окутуучу макул болсо студент бул курсту

аудирлөө үчүн тандоосу мүмкүн (угуусу), бул учурда студент «AU» баасын алат.

**Баллдарды баага айландыруу таблицасы**

| %-дык мазмуну (баллдар) | Баллдардын цифралык эквиваленти | Тамгалык система боюнча баалоо (10 баллдык) | Салттык система боюнча баалоо (5 баллдык) |
|---|---|---|---|
| 87 -100 | 4,0 | A | *Эң жакшы* |
| 80-86 | 3,33 | B | *Абдан жакшы* |
| 74-79 | 3 | C | *Жакшы* |
| 68-73 | 2,33 | D | *Канааттандыраарлык* |
| 61-67 | 2 | E | *«орточо»* – жыйынтыгы минималдык талаптарга жооп берет |
| 31-60 | 1,0 | FX | *«канааттандыраарлык эмес»* – зачет алуу үчүн минимумду тапшыруусу зарыл |
| 0-30 | 0 | F | *«канааттандыраарлык эмес»* – бардык өтүлгөн материалды кайра тапшыруусу зарыл |

Билимди баалоодо объективдүүлүк жана акыйкаттуулук принциптери колдонулуп, студенттин билиминин сапаты бардык тараптан анализделип, модулдук-рейтингдик системанын жобосуна ылайык коюлат.

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин учурдагы укуктук-ченемдик актыларына жана сунуштарына ылайык гуманитардык, табигый, техникалык ж.б. дисциплиналар боюнча экзамендерде баа коюунун төмөнкү критерийлери көрсөтүлгөн:

- ***"Эң жакшы"*** деген баа окуу-программалык материалдарды ар

тараптан, системалык жана терең өздөштүргөндүгүн көрсөтө алган, программада каралган теориялык жана практикалык маселелерди эркин чыгара алган, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттардан пайдаланып өз алдынча иштерди аткарган, кошумча адабияттар менен таанышып чыккан, окуу-программалык материалдарды түшүндүрүп берүүдө жана колдонууда чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алган, дисциплина боюнча уюштурулган конкурстарга жана олимпиадаларга активдүү катышып, дисциплинанын негизги түшүнүктөрүнүн өз ара байланышын терең түшүнө алган, окуп-үйрөнгөн билимдерин, ыкмаларын жана көндүмдөрүн келечектеги кесибинде колдоно ала турган жана рейтингдик-модулдук система боюнча **86** баллдан кем болбогон балл топтогон студентке коюлат.

- ***"Жакшы"*** деген баа окуу-программалык материалдарды системалык түрдө өздөштүргөндүгүн көрсөтө алган, программада каралган теориялык жана практикалык маселелерди чыгара алган, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттардан пайдаланып, өз алдынча иштерди аткарган, кошумча адабияттар менен таанышып чыккан, окуу-программалык материалдарды түшүндүрүп бере алган, окуп-үйрөнгөн билимдерин, ыкмаларын жана көндүмдөрүн келечектеги кесибинде колдоно ала турган жана рейтингдик-модулдук система боюнча **65** баллдан **85** баллга чейин балл топтогон студентке коюлат.

- **"Канааттандыраарлык"** деген баа окуу-программалык материалдарды өздөштүргөндүгүн көрсөтө алган, программада каралган маселелерди каталыктарга жол берүү менен чыгарган, бирок окутуучу тарабынан көрсөтмө берилсе, маселени чыгарып кете алган, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттар менен таанышып чыккан, өз алдынча иштерди толук эмес өлчөмдө иштеп чыккан, окуу-программалык материалдарды каталыктары менен түшүндүрө алган, бирок келечектеги кесибинде колдонулуучу зарыл болгон материалдарды окуп-үйрөнгөн жана рейтингдик-модулдук система боюнча **50** баллдан **64** баллга чейин балл топтогон студентке коюлат.

- **"Канааттандыраарлык эмес"** деген баа окуу-программалык негизги материалдар боюнча өздөштүргөн билиминде каталыктары бар, программада каралган маселелерди чыгарууда принципиалдуу каталарды

кетирген, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттар менен таанышып чыкпаган, программада көрсөтүлгөн базалык материалдарды өздөштүрбөгөн, келечектеги кесибинде колдонулуучу ыкмаларга жана көндүмдөргө ээ болбогон жана рейтингдик-модулдук система боюнча топтогон баллы **49** баллдан кем болгон студентке коюлат.

Сынактарда баа коюу объективдүүлүк жана акыйкаттуулук принцибинин негизинде, билимди бекемдөө жана субъективдүү факторлорду жоюу максатында жүргүзүлөт

**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ**

Түзгөн: БатМУнун Сапаттык билим берүү бөлүмүнүн башчысы
Бөрүбаева Гульбара Назырбековна